**Ош мамлекеттик университетинде «21-февраль – Бүткүл дүйнөлүк эне тил» күнүнө карата "Улуттар ынтымагы дүйнөнү сактайт" аттуу иш-чараларды өткөрүүнүн ПРОГРАММАСЫ**

ОшМУнун ректорунун көрсөтмөсүнө ылайык ОшМУнун факультеттеринде **«21-февраль – Бүткүл дүйнөлүк эне тил»** күнү белгиленет.

Кароо-сынак 2024-жылдын 19-февралынан 21-февралына чейин жарыяланат. Иш-чарага ОшМУнун **кыргыз филологиясы жана журналистика, орус филология, дүйнөлүк тилдер жана маданият, педагогика жана психология, теология, эл аралык мамилелер, эл аралык медицина,эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби, кыргыз-кытай факультети жана чыгыш таануу институтунун студенттери** катышат.

**Иш-чаранын максаты:**

- Студенттерди өз эне тилин жана улуттук баалуулуктарын барктоого багыттоо;
- Студенттердин тил билүү аркылуу коммуникациялык байланышын өстүрүү;
- Келечек муундун эстетикалык, психологиялык жана жаратмандык жөндөмүн арттыруу;
- Жаштарды тил маданияты аркылуу көркөм сөз өнөрүн баалоого, чечендикке үйрөтүү;
- Ар бир улуттун улуттук адабиятын, улуттук наркын даңазалоо;
- Ар бир улут өзүнүн улуттук музыкалык аспаптарында ойноо чеберчилигин өркүндөтүү (кыргыз, орус, өзбек, кытай, корей, араб, өзбек, англис ж.б.)

Иш-чаранын программасы:

- Ар бир улуттун каада-салт, үрп-адаттарын чагылдырган сахналык көрүнүш (5 мүн);
- Ар бир улуттун улуттук адабиятын, улуттук наркын даңазалоо (монолог, диалог, көркөм окуу ж.б) (5 мүн) ;
- Улуттук музыкалык аспаптарда ойноо чеберчилиги (кыргыз, орус, өзбек, кытай, корей, араб, өзбек, англис ж.б.) (3 мүн);
- Обондуу ырларды аткаруу. Ырдын мазмуну (Мекен, ата-эне, өмүр, достук, жаратылыш, адеп жөнүндө), аткарылышы каралат (3 мүн);
- Улуттук бийлерди бийлөө (аткаруучулардын улуттук формалары эске алынат) (3 мүн);
- Ар бир улуттун өзгөчөлүгүн даңазалаган көргөзмө уюштуруу;

ОшМУнун мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору: М.С.Шарипова